УДК: 575.2
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-331-336

**Өмүрова Ж.К.**
техн. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Омурова Ж.К.**
канд. техн. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Omurova Zh.K.**
Candidate of Technical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# УЛУТ МАСЕЛЕСИНИН АЛКАГЫНДАГЫ БҮГҮНКҮ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИ

# ТЕКУЩАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ В РАМКАХ НАЦИОНАЛЬНОГО ВОПРОСА

# THE ACTIVITY OF POLITICAL PARTIES TODAY IN THE FRAMEWORK OF THE NATIONAL QUESTION

**Аннатоция:** Макалада Кыргыз Республикасындагы саясий партиялардын иш-аракеттериндеги улут маселеси боюнча ишмердиктери. Алгачкы коомдук уюмдардын, алардын программаларында социалдык тиричилик маселелери, айрыкча турак-жай маселелерин чечүү маселелери каралган. Ошондой эле жалпы эл тарабынан шайланган Кыргызстан парламенттик-президенттик башкаруу системасына өтүп, шайлоо жыйынтыгы менен 5 саясий партияга парламенттеги 120 депутаттык орун бөлүштүрүлгөндүгү каралган.
**Негизги сөздөр:** саясат, партия, улут маселеси, идеология коомдук уюмдар, парламент, шайлоо системасы, турак жай маселеси, саясий партиялардын платформалары.

**Аннатоция:** В статьи рассматривается деятельность политических партий Кыргызской Республики по вопросам гражданства. Первые общественные организации, их программы предусматривали решение вопросов общественной жизни, особенно жилищных вопросов. Политический Кыргызстан, представляющий широкую общественность, в процессе эволюции перешел на парламентско-президентскую систему правления, и в результате по итогам выборов 5 политическим партиям будет выделено 120 мест в парламенте.
**Ключевые слова:** политика, партия, национальный вопрос, идеология, общественные организации, парламент, избирательная система, жилищный вопрос, платформы политических партий.

**Annotation:** The article examines the activities of political parties of the Kyrgyz Republic on citizenship issues. The first public organizations, their programs provided for the solution of issues of public life, especially housing issues. Political Kyrgyzstan, representing the general public, has in the process of evolution switched to a parliamentary-presidential system of government, and as a result, according to the results of the elections, 120 seats in parliament will be allocated to 5 political parties.
**Keywords:** politics, party, national question, ideology, public organizations, parliament, electoral system, housing issue, platforms of political parties.

XX к. 80-жылдардын аягы, 90-жылдардын башында Кыргызстанда пайда болгон коомдук-саясий кыймылдар улуттук мүнөзгө ээ болуп, өз алдынчалык жана суверенитет үчүн күрөшүүсү татаал коомдук этносаясий көрүнүш менен коштолгон. Алгачкы коомдук уюмдардын, алардын программаларында социалдык тиричилик маселелери, айрыкча турак-жай маселелерин чечүү, кыргыз элинин маданиятын калыбына келтирүү талаптарын койгону менен, көтөрүлгөн маселелердин өзөгүндө негизинен улуттук маселе жаткан. Кыргызстандагы алгачкы саясий, коомдук, улуттук кыймылдардын өзгөчөлүгү, эң биринчи иретте социалдык-экономикалык маселелерди көтөргөндүгүндө, тактап айтканда, жеке үйлөрдү куруу үчүн жер участокторун берүүнү талап кылгандыгында болгон. Ал эми, бүгүнкү күндөгү калыптанган демократиялык институттардын, коомдук кыймылдардын, саясий партиялардын өсүп, өнүгүү процессинин бекемделишине 1991-ж. «Жарандык уюмдар жөнүндө», 1999-ж. «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзамдардын кабыл алынышы себеп болду жана саясий партиялардын шайлоо процесстерине жигердүү катышышына түрткү болгон.

2010-ж. апрель окуяларынан кийин жаңы Башмыйзамдын кабыл алынышы менен, анын жоболоруна ылайык, Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары кыйла кеңейди, аны менен бирге жоопкерчилиги да ошончолук артты. Алсак, V чакырылыштагы Жогорку Кеңештин шайланышы менен Кыргызстандын соңку тарыхында жаңы барак ачылып, коомдук саясий абал кескин өзгөрдү. Конституциянын жоболоруна ылайык, жалпы эл тарабынан шайланган Кыргызстан парламенттик-президенттик башкаруу системасына өтүп, шайлоо жыйынтыгы менен 5 саясий партияга парламенттеги 120 депутаттык орун бөлүштүрүлгөн: «Ата Журт» партиясы – 28, «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» – 26, “Ар-Намыс” партиясы – 25, «Республика» партиясы – 23, “Ата Мекен” партиясы – 18 мандат. Ошентип 2010-ж. 10-ноябрында Жогорку Кеңештин парламенттик көпчүлүк коалициясын 3 депутаттык фракция түзгөн – «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы», «Республика», “Ата Журт” фракциялары. Ал эми “Ар-Намыс”, “Ата-Мекен” фракциялары оппозицияда калган. Бүгүнкү күндөгү VI чакырылыштагы Жогорку Кеңештин парламенттик составын: «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» 38 мандат; “Республика – Ата Журт” 28 мандат, “Кыргызстан” 18 мандат, “Өнүгүү-Прогресс” 13мандат, “Бир-Бол” 12мандат, “Ата-Мекен” 11 мандат партиялары түзүштү.

Демек, Кыргызстандагы башкаруунун парламенттик-президенттик түрүнө өтүшү жана жаңы Башмыйзамда “ Жогорку Кеңеш пропорциялуу система боюнча 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат. Шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партияга парламентте 65-тен көп эмес депутаттык мандат берилиши мүмкүн”, – деген [2] система Кыргызстандагы саясий партиялардын парламенттеги өнүгүү жолун дагы бир жолу бекемдеди десек болот. Себеби бүгүнкү күндө Кыргызстанда Адилет министирлигине 216[4] саясий партия катталган. Адилет министирлигинин каттоосунан өткөн бул саясий партиялардын көпчүлүгү уюшкандыгы, калктын кызыкчылыктарын коргоосу, өзүнүн уюмдук түзүлүшү, идеологиялык багыттары жана жигердүүлүгү менен айырмаланган, парламентте алган орду менен айырмаланган айрым партиялар да бар. Саясий партиялардын бүгүнкү күндөгү коомдогу орду, өлкөнүн парламентиндеги ишмердүүлүк багыттары эки критерийдин: улуттук маселелерди чечүүдөгү ролу жана идеологиялык багыттары боюнча анализдөө менен каралды.

Кыргызстандагы саясий партиялардын түзүлүү жолу саясий өнүгүүнүн шартына ылайык саясий партиялардын платформалары өлкөнүн социалдык, экономикалык, маданий, өсүүсүн, укуктук тартипти орнотууда алдына койгон максат, программалары, ишмердүүлүгүнүн багыттары менен айырмаланат. Учурда «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы көтөрүп чыккан улут маселесине карата иш аракеттери, идеологиялык багыттары менен да өзгөчөлөнөт. Алсак, «Асаба» партиясындай жыйырма жылдык тарыхы бар «Ата Мекен» социалисттик партиясы, «улуттук» деп аталган «Асаба» партиясы, «Ашар» коомдук кыймылы, «Кыргызстан демократиялык кыймылы» сыяктуу алгачкы улуттун, коомдун социалдык маселелерин курч көтөрүп чыккандай эле коомдун социалдык маселелерин чечүүнү биринчи орунга койгон. Алсак, алгач эки агымдан турган: биринчиси-алгачкы суверендүүлүк

мезгилиндеги татаал, кыйын турмуш менен макул эместигин билдирген, өздөрүнүн максатына эркин, дөөлөттүү кыргыз мамлекетин тез курууга жетүү үчүн түп тамырынан өзгөртүү жолун тандап алган радикалдык деп аталган , экинчиси, либералдык-центристтик көз караштагы «коомдук турмушта макулдашуу жана консенсус жолун, коомду эволюциялык жол менен реформалоо, «эски» менен «жаңыны» ыңгайлуу айкалыштыруу, өлкө үчүн күчтүү социалдык саясат (Байларга эркиндик, кедейлерге камкордук)», – деген эки жолду тандап алган жаңы мамлекетти, саясий социалдык системаны калыптандырууда конкреттүү сунуш, максаттарды алдына койгон топ 1991-ж.10-февралында «Эркин Кыргызстан» демократиялык партиясына биригишип, Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу мамлекеттик каттоодон (4.10.1991.) өтүшкөн. 1992-ж. 7-ноябрында либералдык-центристтик көз караштагылар «Ата Мекен» партиясын түзүп, өзүнчө биригишкен жана ушул эле жылы мамлекеттик каттоодон өтүп, ошол мезгилде партиянын Декларациясын кабыл алышкан. Декларацияда «…мыйзамдуулукту жактоо, адамдардын жана азчылык сандагы этникалык топтордун укуктарын сыйлоо менен биз реформаны активдүү колдойбуз жана рыноктук экономиканын базасын түзүүнү кубаттайбыз» [9], – деп партиянын максаттарынын жана ишмердүүлүгүнүн төмөндөгүдөй принциптерин кабыл алышкан «... ар бир мүчөнүн суверендүүлүгү, бардык партиялык органдардын шайлануусу, партиянын ичиндеги пикирдин плюрализми, партиялык массалык информация каражаттарынан көз каранды эместиги» деген [8, 13-б.]. Жалпы жыйын баштапкы уюмдун жогорку органы болуп аймактык принципте түзүлгөн. Ошондой эле, укуктун жалпы теңчилиги үчүн «кандай гана коомдо болбосун теңсиздик проблемасы бар. Ооба, адамдар өзүлөрүнүн таланты жана жөндөмү боюнча тең эмес. Билими жана баргерчилиги боюнча да тең эмес. Теңсиздиктин айрым түрү табыгый жана сөзсүз экендигин биз жакшы түшүнөбүз. Бирок биз өзүбүздүн укугубузду дискриминациялоо жана анын теңсиздиги менен эч качан келишпейбиз жана келишүүгө тийиш эмеспиз. Биз тең жарыш шартын колдойбуз», [3] – дешкен. Ошондой эле жалпы улуттук окшоштукту жаратуу үчүн «Биз-Кыргызстандын элибиз. Этникалык, диний таандыгыбызга карабай өлкөбүзгө таандык экендигибизди аңдап сезүү, биринчи иретте Кыргызстандын жараны экендигибизди туюу, социалдык жана саясий туруктуулуктун кепилдиги, регионализм менен трайбализмди жеңип чыгуунун жолу, экономикалык, этникалык, саясий топтор менен кызматташуунун негизи болуп саналат», [4] – дешкен. Муну менен өлкөдөгү жарандардын диний абалы, этникалык өзгөчөлүктөрүнө карабай өлкөнүн өнүгүшү үчүн бирдей окшоштукту жаратууну максат кылышкан. Ошондой эле социалдык кепилдиктин болушу камсыздоодо жана туруктуу коомдун болушу үчүн жеке адамдын өнүгүшү, калктын аялуу топторун социалдык жактан колдоо максатында шарттарды түзүү үчүн профсоюздук кыймылдарын өнүктүрүү, жогорку деңгээлдеги мыйзамдар, эмгекчилердин укуктарын сактоону көзөмөлдөө, ишкерлер менен профсоюздардын натыйжалуу кызматташтыгын жана социалдык шайкештиктигин камсыздоону сунуш кылышкан. Муну менен катар социалдык инфраструктураны түзүү үчүн мамлекеттин жоопкерчилиги жогору болуш керек. Ал үчүн социалдык мүнөздөгү стратегиялык объектилери болуп жеке адамдардын байышы же пайда табуусу үчүн кызмат кылууга тийиш эмес. Алардын иштеп турушу-бул өзгөчө камкордуктун, мамлекеттик жоопкерчиликтин объектиси. Суу менен камсыз кылуу, жылуулук, газ, электр жарыгын берүү, шаардык транспорт ж. б. жеке менчикке берилүүгө тийиш эмес экендигине басым жасашкан. Бүгүнкү күндөгү экономиканы модернизациялоо, инновациялуулук, экономикалык жана саясий атаанадаштыктын дүйнөсүндө Кыргызстан «...атаандаштыкта, коомдук турмуштун бардык чөйрөсүн модернизациялоо шартында гана жеңишке жетише алат. Биринчи кезекте кадрларды даярдоонун жана тандоонун натыйжалуу системасын түзүү жана өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик башкарууну оптималдаштыруу зарыл» [7], – деп бегилешкен.

Ушул маселелердин тегерегинде улут маселесин башкы маселе катары эсептеген партиялардын бири «Кыргызстан социал-демократиялык» партиясын белгилесе болот. Партиянын уюштуруу съезди 1993-ж. 25-сентябрда болуп, мамлекеттик каттоодон ошол эле

жылы 19-октябрда өткөн. Бүгүнкү күндө так, ачык улуттук идеологиялык программасы бар, чыныгы демократиялык, укуктук, граждандык коомду куруу максаттары бар партия.

«Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын» кабыл алган программасындагы негизги баалуулуктары: гуманизм, прогресс, эркиндик, адилеттүүлүк жана социалдык коргоо болуп эсептелет. «Саясий экстремизимди пайда кылуучу ар кандай революциялык идеологияга каршы. Рыноктун инфраструктурасына жана укуктук негиздери түзүлгөнгө чейин коомдук жана экономикалык иштерге мамлекеттин жеңил кийлигишүүсүнө партия жол берет» [1, 179-б.] деген. Демек, жарандык коомчулук менен мамлекеттин ортосунда тыгыз байланыштын болушун шарттагандык десе болот. Себеби жарандык коом канчалык туура жолдо болсо, мамлекеттин бекемдүүлүгү артат.

Партия 2010-жылы шайлоо алдында жаңы программасын кабыл алуу менен калкты социалдык жактан тейлөөнүн милдеттерин да алдына койгон. Алсак, «... саясий кырдаалды турукташтыруу, өлкөнү ыдыратууга жол бербөө, өлкөнүн түштүгүндө кыйраган үй-жайлар менен социалдык объектилерди калыбына келтирүү, экономиканын бир калыпта өнүгүшүнө жетишүү аркылуу ички дүң продукциянын эки эсе көтөрүү» деген. Бул партиянын дагы бир салымы 2017-ж. чейин өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын кабыл алуу болуп эсептелет. Партиянын социалдык ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири, айыл тургундары үчүн «Ден соолук кербени», «Ашар - жалпы иш» фонду, «Бакча ынтымагы». Алгач, «Кыргыз тили ынтымака данакер» деген ураандын астында «эне тилибиз баарыбызды баш коштуруп турган, улутубузду калыптандырган өзөк эмеспи. Кыргыз тили аркылуу 120 миллиондон ашуун түрк дүйнөсүнө жол ачылат» [6] деген көз караште кыргыз, орус, англис тилин жакшы билишсе заманбап жаштар өсүп чыгат деп программасына үч тилдүүлүктү максат кылып коюшкан жана аны 2030-жылга чейин эң алыскы айылдык мектептердин бүтүрүүчүлөрүнө чейин үйрөнүп чыгуу принциби каралган. Өлкөдө жашаган көп ултутту жаран-дардын мамлекеттик тилди үйрөнүүсүнө түрткү катарында «Кыргызтест» системасын киргизүүнү су-нушташкан.

«Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын» эң башкысы – «биз кыргызстандыктар өзүбүздү өзүбүз урматтап, ушул гана өлкөдө эркин иштеп, жашап жана бактылуу боло аларыбызды түшүндүк!» – деген чакырык менен өлкөдө туруктуулукту жана жалпы улуттук ынтымакты бекемдөө аркылуу бакубат, өзүн-өзү бага алган, эркин жарандар коомун курууга ишенимдүү багыт алышын көздөгөн. Ал эми социалдык саясат жана жарандардын укуктарын коргоо чөйрөсүндө Балдар Кодексинин жаңы редакциясынын негизинде балдар укуктарын коргоо механизми түзүлүп, ювеналдык юстиция системасы пайда болду. Муну менен катар социалдык ишмердигинде 5 жылдык төмөндөгүдөй долбоорлоруду кабыл алышкан. Алсак, мамлекеттик башкарууда «Таза коом», туризм жана аймакты өнүктүрүү боюнча «Тоо класстери», саламаттык сактоо тармагында «Ден соолук кербени», «Спорт - улут саламаттыгына данакер», айыл чабасында «тамчылатып сугаруу». Мындай иш-чаралардын кабыл алуусу өлкөдөгү социалдык абалдын жакшыруусуна чоң өбөлгө болууда. Алсак, «Ден соолук кербени» биринчи жолу 2012-ж. Баткен областында өткөрүлгөн. 2015-ж.бул кербен өлкөнүн бүткүл аймагын камтыган иш сапарында партия активисттери медиктер бригадасы менен биргеликте элет жерине барып, калкты медициналык жактан текшерүүдөн өткөрүү үчүн материалдык жана уюштуруучулук боюнча көмөк көрсөтүштү. Мындан тышкары партия тарабынан «Ашар-жалпы иш» фонду уюшулуп, фонд тарабынан 2012-ж. Каракол шаарында марафон өткөрүп, андан чогулган 2,5 миллиондон [10] ашык сом Теплоключенка айылындагы майп болгон балдар үчүн «Ак Суу» санаторийинин жаңы корпусуна жабдууларды жана шаймандарды сатып алууга жумшашкан. Ошондой эле социалдык багытта «Ынтымактуу бакча» долбоору өз ишин 2015-ж. 19-июнунда баштаган жана анын максаты болуп – жайкы каникул айларында шаарда калууга муктаж болгон балдар үчүн мазмундуу, билим берүүчүлүк жана коопсуз эс алууну уюштуруу, ошондой эле ар бир бакчадан тартып кварталдарга чейинки шаардыктардын ынтымагын биримдигин бекмдөө өбөлгөсү эле. Алсак, 22-июлда Бишкек шаарынын Курманжан датка атындагы гүлбакта Бишкек шаардык кеңешинин КСДП

фракциясынын депутаттарынын демилгеси боюнча уюштурулган «Ынтымак бакчасы» долбоорунун финалдык салтанаттуу иш чарасы болуп өткөн. Мындан тышкары ден-соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелгендигине карабастан (аварияның натыйжасында ал бир бутунан ажырап калган) «Ынтымактуу бакча» спорттук иш чарага катышкан Азиз Добрамовго депутаттар ыраазычылык билдирүү менен сыйлык катары «айпад» планшетин тапшырыган [10].

Социалдык жактан калкка кам көрүүнү максат кылып койгон партиянын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү, улуттун ден соолугун чыңдоо билим берүү, спортту өнүктүрүү, эс алуучу, маданий жана туризм жайларын өнүктүрүү, ордо калаада ишкердик жана бирдиктүү маалымат мейкиндигин өнүктүрүүнү максат кылып коюшкан. Мисалы, жеке фермер, иш каналар өндүрүп чыккан товарларын ишемби күндөрү ордо калаабыздын ар кайсы райондорунда жергиликтүү айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өз баасында сатуу жарманкесин өткөрүүнү колго алган. Мындай максатты колдогон башка партияларда жок эмес, Алсак, Бүтүн Кыргызстан, Эмгек партиясы, «Республика- Ата -Журт» саясий партияларынын иш программаларында социалдык өнүгүү маселелери кеңири каралган. Мисалы, «Республика – Ата-Журт» саясий партиясынын программасында: Айыл чарбага 7% насыя берүү үчүн «Фермерлерге жеткиликтүү насыялар» долбоорун ишке киргизген, бул долбоор 2012-жылы 1 млрд.сомдон ашык каражат бөлүнүп аны 6285 дыйкан чарбасы алган [5]. Ошондой эле 10 жылдык мөөнөткө 10 пайыздан башталган калкка ипотекалык насыя берүүнү колго алышкан. Ал эми убагында алгачкы «Ашар», «КДК», «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиялары көтөрүп чыккан «Эне тил» маселесин колдоо, өнүктүрүү учурдун талабы болсо, учурдагы «Республика – Ата-Журт», Бүтүн Кыргызстан, Эмгек партиясы, «Кыргызстан социал демократиялык» саясий партиялардын программасында, мезгилдин талабына жараша «Көп улуттуу Ата-Журт үчүн! Бирдиктүү өлкө үчүн! -деген чакырыктын негизинде, мамлекеттеги жарандардын үч тилде эркин сүйлөп чыгуусу үчүн кам көрүүнү сунушташкан. Себеби, 2014-ж. Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматы боюнча эки жана андан көп тилди билген жарандардын 99,8 пайызы ишке орношууга мүмкүнчүлүгү бар жана алар 20 пайызга көбүрөөк айлык алышары замандын талабы экендигин баса белгиленген.

Дүйнө жүзүндө акыркы убактарда саясий партиялардын негизги эки багытка басымдуулук кылууда: социалдык жана либералдык. Кыргыздар-эзелтен социалдык багытты көздөп келаткан калк. Ошо себептен өлкөдөгү социалдык маселелерди чечүү менен улут маселесине кайрылган, тарыхы бар түптөлүп калган саясий партиялар гана эмес, мезгилдин талабына ылайык жаңыдан түптөлгөн саясий партиялардын ичинен «Бир Бол», «Өнүгүү-Прогресс», «Мекен ынтымагы», «Замандаш», «Кыргызстан» саясий партиялардын кабыл алган программаларында да кездешет.

Жыйынтыгында, бүгүнкү айрым саясий партиялардын парламентте орун алышына жана улуттук маселелердин идеологиялык багытына жараша, социалдык-экономикалык, саясий жана маданий иш чаралардагы ишмердүүлүгүнүн багытын аныктай турган иш чара, бул жергиликтүү шайлоочулар менен иштөөсү. Жергиликтүү шайлоо системасында саясий партиялардын орду же «уюмдук түзүлүштүн» деңгээлин аныктоо үчүн партиялардын шайлооло системасына катышуусуна анализ жүргүзүү менен алардын коомдогу, саясий системадагы орду, жана ишмердүүлүк деңгээлин байкоого болот. Алсак, Кыргыз Республикасынын СИУИ илимий кызматкери Бермет Иманалиеванын [11] берген маалыматы боюнча, «Кыргызстандагы партиялык курулуш өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ. Бир тараптан, жаңы түзүлгөндөрдөн бир аз көбүрөөк иштеген партиялар бар жана алар шайлоолорго катышууда бир топ тажрыйбалуу (КСДП, «Ата-Мекен»). Башка тараптан, жаңы партиялар түзүлүп, алар бир аймактын алкагында гана өнүгүп, белгилүү областарда шайлоочулардын колдоосуна ээ болушат. Бул партиялар өздөрүнүн областарында гана иштешет жана саясаттын чоң майданына чыгышпайт» [12], – деген көрсөткүчтү (2012-жылдагы) жергиликтүү шаардык

кеңештерге депутаттардын шайлооло жыйынтыктарынын негизинде чагылдырыган. Алсак, ал төмөндөгүдөй:

**Таблица 1. Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештерге депутаттарын шайлоолорго катышуусу**

| Саясий партиялар | КР облустары боюнча бөлүштүрүлгөн мандаттардын саны | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ысык-Көл облусу | Талас облусу | Жалал-Абад облусу | Баткен облусу | Чүй облусу | Нарын облусу | Ош облусу |
| Ар-Намыс | 3 | Катышкан жок | Катышкан жок | Катышкан жок | 3 | Катышкан жок | 4 |
| Ата-Мекен | 7 | 4 | 25 | 17 | 16 | 6 | 7 |
| Ата-Журт | Катышкан жок | Катышкан жок | 32 | 16 | Катышкан жок | Катышкан жок | Катышты, өткөн жок |
| Республика | 11 | 15 | 6 | 30 | 30 | 6 | 16 |
| КСДП | 10 | 5 | 33 | 56 | 50 | 6 | 37 |

Бүгүнкү күндө ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан саясий партиялардын улут маселесине карата кайдыгер эмес жана азыркы партиялардын түптөлүшүнө өлкөдөгү эгемендүүлүктүн калыптанышына бирден бир таасир эткен партия бул көп партиялуулук системасынын башатында турган «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы болуп саналгат. Элдин биримдигин чыңдоо, регионализм жана улутчулдук фактыларын болтурбоо, жарандык патриоттуулукка тарбиялоо, жарандардын укуктук маданиятын, мамлекеттик тилдин аброюн көтөрүү, мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн жеке жоопкерчиликти күчөтүү, бардык күч аракеттерди Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына баш ийдирүү мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын негизги милдети болууга тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акаев А.А.Манастан мамлекеттүүлүккө карай [Текст] / Акаев А.А. Манастан мамлекеттүүлүккө карай. – Бишкек, 1995. – 24–25-б.

2. Кыргыз Республикасы.Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: официалдуу тексти. – Бишкек: Академия, 2016. – 96-б.

3. Кыргыз Республикасынын Адилет министирлигинин архиви [Текст] // «Ата-Мекен» партиясынын журналы. – №259. – 6-б.

4. КРнын улуттук стратегиялык изилдөө институту http://www.nisi.kg/kg-analytics-777

5. Нарбаева А. Партия Республика. Наши общения – это детальный план действий! [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2010, 1-октябрь.

6. Сарманбетов А. Башаламандыкты токтотууга мезгил жетти [Текст] // Заман Кыргызстан. – 1995, 27-январь. (84 бет, 83)

7. Төрөев М. КСДПК-эл үмүтү [Текст] // Супер Инфо. 2010. 12-сентябрь.

8. Чоротегин Т. Кыргызстанда көп партиялуулук калыптанганбы? [Текст ] // Асаба. – 1992. 27 02.№9.

9. Чоротегин.Т. "Ата-Мекен" партиясынын лидери менен маек [Текст] // Эркин Тоо. – 1993. 18- августь.

10. http://www.kabarlar.org.

11. http://www.Zamandash.kg.

12. http://www.kabarlar.org.

**Рецензент: техн. илим. канд., доц. Бексултанова Ч.Д.**